DOI:10.26104/IVK.2019.45

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

*Көлбаева М., Самсалиева М.*

# ДООР, АКЫН ЖАНА БИЙЛИК

*Колбаева М., Самсалиева М.*

# ЭПОХА, ИМПРОЗИВАТОР И ВЛАСТЬ

*M. Kolbaeva, M. Samsalieva*

# EPOH, AKYN AND GOVERNMENT

*УДК: 398.3:82 (575.2)(04)*

*Макалада кыргыз элинин тарыхый тагдырына туш болгон доорлор алмашуусунда акындык өнөр жана бийликтин үч тараптуу катышы талданат. Ошол эле учурда доорлор алмашуусунда бийликтин таланттуу адамдарга карата мамилеси талданат. Байыркы мезгилде акындар жашап өткөн бул доордун талап мүдөөлөрү ырчылыкты төмөнкү катмардын кесиби катары мүнөздөп, ага тыюу салганы менен талант менен бийликтин биргелешкен, бири-экинчисине кеңешчи, экинчиси аны эл башкаруу иштеринде пайдаланышы, акыл алышы, ырчылыкты аздек тутуунун үлгүсү болгон. Совет мезгилинде өнөргө камкор мамиле жасалып, жайылтууда бир катар иштер аткарылган. Бирок, социалисттик курулуштун ийгиликтерин даңазалоочу агитациялык мүнөздөгү чыгармалар жарала баштайт. Ырчылыктын салттары өзгөрүп, акындар агитациялык, чакырык, үгүт иштеринин жарчысы катары кызмат аткарып, алдын-ала даярдыксыз төгүп ырдоо салты, алдын-ала жуп-жубу менен кызматтык орундарга кабыл алынган артисттик кесип менен алмашат. Эгемендик мезгилде акындык өнөрдүн байыркы салты уланып, акындар коом алдындагы өз милдетин аткарып келе жатышат.*

***Негизги сөздөр**: акын, доор, мезгил, бийлик, мамиле, салт, колдоо.*

*В статье анализируется трехсторонняя взаимосвязь поэзии и власти в смене эпох, стоящих перед исторической судьбой кыргызского народа. В то же время анализируется отношение властей к талантливым людям при смене эпох. Хотя требования этой эпохи, в которой поэты жили в древние времена, описывали пение как профессию низших классов, и на пение был введён запрет, совместность таланта и власти, первый второму советник, использование властями пение в управлении народом, черпание знаний доказывает, что пение было примером для благоговения. Во времена советского союза к творчеству относились бережно и были предприняты ряды действий по его распространению. Но начали появляться произведения в агитационном смысле, прославляющие социалистический строй. Обычаи певцов меняются, поэты начинают работать в качестве издателей агитационных, бросающих вызов и призывающих работ, импровизированное пение без преднамеренной подготовки меняется на актерскую игру с заранее подготовленным текстом. Во время независимости, продолжая давние обычаи поэтической деятельности, общество поэтов выполняет свой долг перед народом.*

***Ключевые слова**: поэт, эпоха, период, власть, отношение, традиции, поддержка.*

*The article is analysed the relationship of poetry and power the chsnge eras facing the historical fate of the Kyrgyz people. Also, the author analysed the relationship of the authorities talented person during the change of epoch. Although the requirments of this era in which poets lived in encient times.described singing as a profession of the lower classes and singing was forbidden the combination of talent and power the first to the second adviser to use of singing by the authorities in the management of the people drawing knowledge to prove that singing was an example for reverence. In the days of the Soviet Union, creativity was treated with care and a number of actions were taken to spread it. But works began to appear in the agitational sense, glorifying the socialist system. The customs of singers change, poets begin to work as publishers of propaganda, challenging and in vocational works, improvised singing without deliberate preparation changes to acting with a pre-prepared text. During independence, continuing the long-standing traditions of poetic activity, the society of poets fulfills its duty to the people.*

***Key words**: poet, epoch, period, power, attitude, traditions, support.*

Көркөм сөз өнөрү адамзат жаралган байыркы доорлордон башат алып, окшоштуруудан, тууроодон, образдуу ойлоодон, адамдын ички арман, күйүтүн баяндоодон, көңүл ачуудан, эмгектен ж.б. себептерден улам жаралган деген сыпаттоолору менен кайсы бир деңгээлде коомдук өнүгүүнүн образдуу чагылуусу катары жаралат. Мындан улам мезгил өтүп, доор алмашкан сайын акындык өнөр мазмундук, формалык, идеялык, тилдик жактан жаңыланып турары мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бирок, ошол эле учурда канча кылымдардан бери сакталып келген чыгармачылык салттуулуктар акындык өнөрдүн өздүк касиетин сактоонун негизи катары кызмат өтөйт. Доор алмашып, мезгил өзгөрүүсүнө ыңгайлашуу б.а. коомдук өнүгүүнүн образдуу мүнөзүн көркөм сүрөттөө, андагы көркөм салттуулуктардын сакталыш деңгээли

DOI:10.26104/IVK.2019.45



акындардын (ырчы) чыгармачылык дараметине, акын жашаган доордогу бийликтин өнөр адамдарына жасаган мамилесине көз каранды экенин көрсөтөт.

Байыркы адам акылынын баёо мезгилиндеги «бардык нерсенин колдоочулары бар» деп ишенген көөнө доордун аңчылык жашоо, көчмөн турмуш элестерин чагылдырган мифтик башаттар, кийинки отурукташууга өтүүдөгү, андан бери орток түрк адабиятындагы көркөм сөз өкүлдөрүндөгү өзгөрүүлөр, андан берки XI-XIV кылымдардагы Алтын-Ордо доорундагы аты уламышка айланган ырчылардын, «классикалык доор» аталган XIX к. аягы XX к. Башындагы мезгилдик мерчемди кучагына алган акындар чыгармачылыгы, совет доору жана эгемендик жылдардагы төкмө акындар поэзиясындагы доор, акындык өнөр жана бийлик маселелеринин карым катышы өзгөчө сөз кылууга арзыйт.

Тарыхта болжол менен XI-XIV кылымдардагы бир чети Орто Азиядан тартып Атлантика, Тынч океандарына чейин созулган Алтын-Ордо мамлекети түзүлүп, аны Чыңгыз хан (Джучи) башчылык кылган мезгилде адабият байыркы түрк адабий салттары менен чыгыш адабиятынын салттарынын негизинде өнүгүп, өлкөдө илим-билим өсөт, араб графикасынын негизинде жазма адабият өнүгө баштайт. Мына ушундай тарых тилкесинде кыргыздарда Кетбука, Асан Кайгы, Токтогул ырчы, Жээренче чечен, Алдар көсө өңдүү өнөр адамдары жашап, кыргыз маданиятынын өнүгүшүнө өз таасирин тийгизген. Бирок, ошондой болсо дагы кылычынан кан тамган журт башынын карапайым калкка жасаган катуу кысымы, бийлик талашкан ордо бектеринин чыр чатагын көргөн Асан Кайгы бийликке:

Айкан, мен айтпасам билбейсиң,
Айтканыма көнбөйсүң.
Чабылып жаткан элиң бар,
Аймагын көздөп көрбөйсүң,
Мастанып, кызып тердейсиң,
Өзүңдөн башка кан жоктой,
Өрөпкүп неги сүйлөйсүң? [1, 28-б.] - десе,
Токтогул: Ата-түрктүн балдарын,
Алды-алдынан айдадың.
Адилет ишке барбадың.
Карчыга салдың калкылдап,
Аалымды алдың арчындап.
Эр өлтүрүп, кун бербей,
Талап алып, бул бербей,
Канкорлугуң арбыды [1, 49-б.] - дейт.

Демек, байыркы мезгилде эле акындар эл башчыларынын калкка жасаган кыянат иштеринин бетин ачып, аларга наараазылыгын элдин атынан айткан элчилик милдетти аркалашкан.

Эл жакшылары да акындарга бийик урмат көрсөтүп, айрым учурларда акындарды кеңешчи кылып алып, адилет бийлик жүргүзүүгө аракет кылгандары да жок эмес. Маселен, айтылуу Калыгул акындын бийлик төбөлдөрү арасында өзгөчө кадыр-баркка ээ болушу, «чоң-чоң уруулардын ортосундагы чыр чатактарды, доолорду чечүүдө, ал гана эмес казак-кыргыз, кыргыз-орус ж.б. элдер менен мамиле түзүүдө, айрыкча, түндүк кыргыз уруулары менен Кокон хандыгынын өз ара катыш, мамиле иштерине активдүү аралашканы, көп учурларда чоң роль ойноп, таасири зор болгону көп эскерилет. Эл ичиндеги ушул мүнөздөгү уламыш аңыздарга таянып манасчы Шапак: Калыгул, Ормондор

«Кат алышып барышчу,
Оруска кабар салышчу.
Элчилери бар экен,
Ушунун баарын эптеген,
Калыгулдун кеби экен» [1, 59-б.] - деп жана Ормон опуза – орус бийлигин токтотуу үчүн жасалган айла амалдар Калыгулдун акылы менен иштелген деп [2, 27-28-бб.] эскерилиши, тарыхчы Б.Солтоноевдин «Калыгул Ормон хандын жардамчысы [2, 272-б.]» - деп белгилеши, акындын айткандарындагы

«Ой, иним, Ормонум,
Жеген менен тойбодуң.
Кой дегенге болбодуң,
Орус алат жеринди,
Сындырат сенин белиңди” [1, 97-б.] - деп көрөгөчтүк менен сын айтып, «эки бетиң көө болуп, элге батпай калбагын» деп эл башына катуу эскертүү беришинен хан Ормондун доорунда сөз билги адамдын коомдогу даражасы кандай бийик, ардактуу болгонун көрөбүз. Экинчи жагынан, Калыгулдун Бай Сарыбагыш уруусунун ичиндеги манаптын тукуму болушу, турмуштук зарылчылыктын жоктугу жана атасынын эл аралап, колуна комуз алып, ырчы болушуна тыюу салышынан улам өзүн ырчы атабай астейдил жүрүшү, эл башкарууга барбай кеңешчи иретинде иш алып барышы Калакенин улуу өнөрдү ардакташынан болсо керек деген ойго келесиң.

Калыгулдун мисалында парадаксалдуу эки жагдайды көрүүгө болот: биринчиси, манаптын, бийдин б.а. тектүү жердин тукумунун ырчылыгы ашып турса дагы эл кылырып ырдашын намыс көрүшү, ырчылыкты жан сактоонун бир булагы катары эсептеши, ырчылык караламан калк катмарынан уюган элдик өнөр экендигин күбөлөйт. Мисалы, «Жаныш акындын

DOI:10.26104/IVK.2019.45



«Бай болсоң, бул жайларга келмес эдиң; Ар жерде жетектелип жүрмөс эдиң» [4, 124-б.] - деп Чөжөнү сөзгө сындырышы, Сартбай, Байгабыл акындардын «кул», «томаяк», «тентиген» деген атоолорду алышы да бул пикирди бекемдейт.

Экинчиден, сөзү жүйөлүү, ою так, санаты тизмектелген ырчы ошол «тектүү» аталган эл жакшыларына кеңешчи болуп, акыл айтып, жол көрсөтүшү бул акындык өнөрдүн улуулугун кабарлайт. Кезинде Арстанбек Сүйүмбай акындын «Бий баласы болсоң да, Бий үйүнө батпаган, Бий өргөсүн баспаган, Салбардан туулган карыпсың» деген какшык сөзүндө көрүнгөндөй, социалдык төмөнкү катмардан (салбар аялдын баласы) болушуна карабай кези келгенде «Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң» деп эл башчыларына нуска сөзүн билдирип, акыл кеңешин айтышы, тууган ичиндеги чатактан улам, жер кыдырып, жан сактаган сарыбагыштан чыккан Балык акындын таякелерине Таласка келип, Ажыбек датка, Бүргө баатырга сөзү менен жагып, барктуу өмүр сүрүшү, журт башкаруу ишине аралашышы, даражалуу чоңдорго кеңешчи болушу, Аблай хандын согушунда кул катары кеткен Чөжө акындын казак агайындардан сөзү аркылуу ардактуу орун, аброй алышы өнөрдүн күчүн, сөздүн кереметинин улуулугун күбөлөйт.

Демек, акындар жашап өткөн бул доордун талап мүдөөлөрү ырчылыкты төмөнкү катмардын кесиби катары мүнөздөп, ага тыюу, ченеп-бычууларды киргизгени менен талант менен бийликтин биргелешкен, бири-экинчисине кеңешчи, экинчиси аны эл башкаруу иштеринеде пайдаланышы, акыл алышы, ырчылыкты аздек тутуунун үлгүсү болгон.

Андан бери XIX к. аягы - XX к. башында кыргыздар негизинен уруулук түзүлүштө жашап, солто жана сарбагыш урууларынын ич ара чыры, талаш тартышы күчөп, кыргыздар менен Улуу жүз казактарынын чатакташуулары Кокон бийлигинин басып алышына жакшы шарт түзүп берет. Салыктын түрү көбөйүп, карапайым калк турмуштук кыйынчылыкка дуушар болот. Ошол оор жагдай эл арасындагы ырчыларды колунда бар мансаптуу эл бийлөөчүлөрүнүн эшик ырчыларына айландырат. Акындарга карата мамиле өзгөрүп, айрым акындарды өз бийлөөчүлөрүн мактап ырдаган «Арзыматка» айландырса, экинчи бирлери катуу турмуштан каржалса да караламан калктын көйгөйүн ырдатып, өнөр ээлерин эки жээкке айдайт. Ал эми турмуш айрым ырчыларды бир туруп элдин мүдөөсүн, кадимден калган ырчылыктын наркын, калктын кадырын ырдатса, жан айласы үчүн өз беги менен байын мактоого да аргасыз кылат.

Жыйноочу, оозеки чыгармачылыкты айтуучу Ы.Абдыракмановдун эскерүүсүндө бугу уруусунун желдең уругунан чыккан, оң менен солду аралап, нечен чоң жыйындарда жар чакырып, кези келгенде салттуу болуп калган чоң акын Солтобай эл тарабында болуп, акындык адилдикти бийик тутуп, ошол мезгилде эл башы катары аябагандай атак, ызаатка ээ болгон Шабдан манапты кордоп ырдашы, «Текес менен коштошуу», «Жарыктыгым», «Көл ата» аттуу мыкты чыгармаларды жаратышы, Боронбайдын керээзин поэтиклык формага салышы, эң башкысы Арстанбектин окуучусу катары анын көңүлүнө толуп, «көзүм өтсө, Солтобай, нуска сөзүм таштаба» - деп ага ишеним артышы, бий-манаптан коркпогон жаалданган акындык арымынын күчтүү, тайманбас жүрөктүү ырчы экенин көрсөтөт.

Бирок ошондой болсо дагы, айрым учурда акын эл мыкчыгерлеринин тукуруусуна учурап, мүмкүн жан сактоо айласы үчүн дагы болсо керек, уруу намысы, өз уруу башчыларынын көз карашын жактап ырдаган. 1870-жылдардын аягында Ормондун кунун өндүрүү максатында Шабдандын көл башына келип, ою ордунан чыкпай кайтууга аргасыз кылганда өз уруусун көтөрө чалып макташы, кийинки жылы Кичи-Кеминдин Кара-Булагында Каракол Бишкек тобунда Чыныбайды ээрчип барган Солтобай жан айласы, өлүп калбайын деген коркунуч менен Шабданды кыргызда теңдеши жок адам катары мактап:

«Ардактаган тулпарды,  
Адырга минсе тер чыпас.  
Адигине, тагайдан,  
Артылып сендей эр чыкпас», «кыргызда сендей эр чыпас» - деп көтөрө чалып мактоого өтөт. Мындан улам өнөрү жагып, кечирим алып, ат минип, тон кийип узайт. Ушундай эле кордоп ырдаган манабын кайра жан айласы үчүн мактоого алуу Үмөтаалы ырчынын чыгармачылыгында да кездешет.

Эл башчыларынын өнөр адамдарынын кадыр баркын өз кызыкчылыгына пайдаланып, көңүлүнө жакпаган ыр ырдаса эл арасында ар кандай кылык жоругу менен шылдыңгы алышы, мисалы, Бишкектик Айылчы деген адамдын тоюнда Найманбайдын тойго жарчы болуп даңазалап турбай кеч келишин, шылтоо-

DOI:10.26104/IVK.2019.45



лоп талтагай мүйүз сары эчкини берип шылдыңга калтырам деши, ошол эле Найманбайды Сапректин ашында Чолпонбай тукуруп жумгалдык саяктарды кордотушу, айтышта ырчыларды бирин-экинчисине тукуруп (Куйручук менен Найманбайдын айтышы, Токтогул менен Найманбайдын Тер-Жайлактагы айтышы) кордошуп ырдоого түртүп, өздөрү сыртынан карап, ыракат алышы ошол доордун айрым колунда бар эл жакшыларынын өнөргө карата өгөйлүк мамилесин көрсөтсө, тарыхый-турмуштук шарт акындарды аргасыз эл билермандарынын кызыкчылыгында ырдоого түртүп, нарктуулук, салттуулук позициясынан тайдырган. Мына ушул жагдай Сартбай, Солтобай, Найманбай, Ботобай, Карамурза ж.б. бир топ акындарга эскичил, бай-манапчыл, феодалдык деген жарлыкты тагып, канча жыл чыгармаларын жайноодон, окуудан, иликтөөдөн алыстатты. Мындай шартка «… акын бир аймакта чогуу жашап, бир атанын (уруу же уруктун) урпагы эсептелип, аш-тойдун чыгымын бирге көтөрүп, уруш-чапкынды бирге тосуп, жоого бирге, жолго бирге дегендей, сыртынан ынтымактуу бир эл катарында көрүнүп, «ууру кылсаң урууң менен кыл» деген түшүнүктү [5, 243-б.]» урматтоодон улам кабылган.

**Адабияттар**:


1. Залкар акындар: том: Кетбука, Асан Кайгы, Токтогул ырчы, Калыгул, Арстанбек. / Түзгөн: А.Акматалиев, С.Мусаев, Б.Кебекова. - Б.: «Шам», 2006. - 318-б.
2. КРУИА Кол жазмалар фондусу. Инв. №1319. 27-28-б.
3. КРУИА Кол жазмалар фондусу. Инв. №1057. 272-б.
4. Кебекова. Кыргыз эл ырчыларынын очерктери. - Б., 2009. - 244 б.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Кыргыз эл ырчылары. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. - Бишкек, 2012. 5-том. - 243 б.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Кыргыз эл ырчылары. А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. - Б., 2012. - 5-том. - 341-б.
7. Бөлөбалаев Осмонкул. Менин өмүрүм [Текст] / О.Бөлөбалаев. - Фрунзе: «Кыргызстан”, 1968. - 105-106-бб.
8. Ирисов П. Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүктөрү. – филол.илим.канд. окум. дараж. изд. алуу үч. жаз. дисс. [Текст] / П.Ирисовю. - Фрунзе, 1971. - 160 б.
9. Айтматов Ч. Ак таңдай акындын мурасы [Текст] / Ч.Айтматов // Жеңижок. - Фрунзе, 1982. - 495 б.